**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

______________________№_______ Бишкек ш.

# Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын жетекчилерин конкурстук тандоону жарыялоо жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Мамлекеттик жана муниципалдык мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын жетекчилерин конкурстук тандап алууну өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” 2024-жылдын 28-майындагы № 273 токтомун, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин “Мамлекеттик жана муниципалдык мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын жетекчилерин бош кызмат орундарына конкурстук тандоону уюштуруу жана өткөрүүнүн нускамасы” жөнүндө 2024-жылдын 13-августундагы № 1265/1 буйругун жана Кыргыз Республикасынын мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин бош кызмат ордун ээлөөгө конкурсту уюштуруу жана өткөрүү боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин конкурстук комиссиясынын 2025-жылдын 11-январындагы 4-протоколдук сунушун жетекчиликке алып, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин бош кызмат орундарына конкурстук тандоо (мындан ары - конкурс) тиркелген тизмеге ылайык өткөрүлсүн.
2. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин бош кызмат орундарына 2025-жылдын 13-январынан баштап конкурс жарыялансын, талапкерлердин арыздарын жана конкурстук документтерин каттоо мөөнөтү 2025-жылдын 13-январынан 27-январына чейин аныкталсын.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

3. Кыргыз Республикасынын Билим берүүнүн сапатын өнүктүрүү департаменти (Б.С. Шамшидинова) белгиленген тартипте конкурсту уюштурууну жана өткөрүүнү камсыз кылсын.

4. Маалыматтык саясат бөлүмү (Г. Уметалиева) конкурс өткөрүү жөнүндө коомчулукка кеңири маалымдоону Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин сайтына жана массалык маалымат каражаттарына жайгаштыруу аркылуу жүргүзүүнү камсыз кылсын.

5. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Мектепке чейинки билим берүү башкармалыгына (Н.А.Касымова) тапшырылсын.

**Министрдин орун басары** **Н.С. Джусупбекова**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



Кол койгон: Джусупбекова Н.С., 13.01.2025

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН